**ТУЙБАЕВ Р.Ж.,**
КУУнун Юридикалык институтунун
Жарандык укук жана процесс кафедрасынын окутуучусу.

# ЖҮК ТАШЫП ЖЕТКИРҮҮ КЕЛИШИМИНДЕГИ ТАШУУЧУНУН ЖАРАНДЫК-УКУКТУК ЖООПКЕРЧИЛИГИ.

Автомобилдик транспорт менен жүк ташып жеткирүү келишимининдеги жактардын жоопкерчилиги жөнүндөгү маселени кароодо, жарандык-укуктук жоопкерчиликтин жалпы принциптери боюнча каралгандыгын белгилеп кетпесек болбойт (КР ЖК 20 бапы). Жактар милдеттемени аткарбаган учурда КР ЖК 356 беренесинде бекитилгендей, транспорттук уставдарда, кодекстерде же тараптардын макулдашуусунда көрсөтүлгөндөй жоопкерчиликти көтөрүшөт. Ошону менен бирге, автомобилдик транспортто жүк ташып жеткирүү боюнча милдеттенмедеги жоопкерчилик, милдеттенмени бузгандык үчүн жөнөкөй жоопкерчиликтен айырмалануучу спецификалык мааниге ээ. Мына ошондуктан, өз изилдөөсүндө, автор автомобилдик таранспортто жүк ташып жеткирүү келишими боюнча жактардын жоопкерчилигинин спецификалык өзгөчөлүгүнө өзгөчө маани берет.

Жүк ташуу процессинде жүк ээлери менен жүк ташуучулардын ортосунда жеткирилген жүктүн сакталбагандыгы боюнча талаштар келип чыгат. Жүк ташып жеткирүү келишими боюнча жоопкерчиликтин негизги белгиси күнө принцибин колдонуу болуп эсептелет. Мисалы, О.Н. Садиковдун редакторлугу менен чыгарылган “Оруссиянын жарандык укугу” деген илимий эмгекте “күнө” термини ЖК 796-беренесинде белгиленген эмес, бирок, бул беренеде жүк ташуучунун милдеттенмелеринин жоопкерчилигин белгилеп көрсөтүүчү шилтеме берилген. Бул анын күнөсү дегенди түшүндүрөт. Транспорттук уставта жана кодексте жүк ташуучунун күнөсү ЖК 401-беренесинде белгиленгендей, жалпы эмес формада мүнөздөлөт, ал эми жүк ташуучуну жоопкерчиликтен бошотуу жагдайларынын түрлөрү белгиленген» деген укуктук көз караш чагылдырылган.[1]

Мындай көз карашка, Смирнов В.Т. менен Медведевдер Д.А. илимий изилдөөлөрүндө өз ойлорун билдиришкен. Мисалы, алар өз изилдөөлөрүндө “Жүктү жоготуу, жетпей калуу жана зыянга учуратуу боюнча жүк ташуучунун жоопкерчилигинин жалпы шарты күнө болуп түшүндүрүлөт. Баштапкы тобокелге жооп берүүчү жана ишкердүүлүк иш аракеттерди жүзөгө ашыруучу коммерциялык уюмдардын жоопкерчилигинин жалпы эрежелери жөнүндө түшүнүк мында четке кагылган».[2]

Ошол эле учурда В.В. Витранский «тараптардын жүк ташуу боюнча милдеттенмелеринин аткарылбашы, келишимдеги тийиштүү шарттарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуунун негиздери, транспорттук уставтарда жана Жарандык кодексте белгиленген, бирок мындай жоопкерчиликти күнө принцибинде куруу мүмкүн эмес экендигин белгилөө керек, тактап айтканда, жоопкерчиликтен бошотуунун кошумча негизи бар» деген оюн билдирет.[3]

Ошол эле учурда, В.В. Витранский тарабынан айтылган көз карашка Садиков О.Н. макул эместигин билдирет. Садиков О.Н. “жүк ташуучунун жоопкерчилигинин негизинин салттык түшүнүгүнө берген аныктамасы Жарандык кодекстин, транспорттук уставдын жана кодекстин текстине дал келбейт жана толук эмес укуктук көз карашты чагылдырып, юридикалык илиминин теориясы менен практикасына өнүгүү салымын кошо албайт” деп баса белгилейт.[4]

---

[1] Гражданское право России. Обязательственное право/отв.ред. О.Н.Садиков. –М.: -2004. –С.398.

[2] Сабырова К.Ж. Правовое регулирование договорных отношений по перевозке грузов автомобильным транспортом. – Б.: - 2004. –С.38

[3] Витрянский В.В. Договор перевозки конкретного груза. –М.: - 2001.-С38.

[4] Гражданское право России. Обязательственное право/отв.ред. О.Н.Садиков. –М.: - 2004. –С.398.

Андан сырткары, Крылова Н. дагы каршы пикирин билдирет. Ал, жоопкерчилик үчүн негиз жүк ташуучунун "күнөөсү", жоопкерчиликтин башкы негизи болуп саналат жана жүктөрдү ташуу маселеси боюнча юридикалык адабияттарда кайчы пикирлерди жаратат.[5]

Юридикалык адабияттардагы жүк ташуучунун жоопкерчилигинин жаратылышы жөнүндө теориялык талаштуу көз караштарга карабастан, биздин оюубузча Смирнов менен Медведевдердин ойлоу негизделген, анткени, Кыргыз Республикасынын жарандык кодекси да жүк ташуучунун күнөөсүнүн негизинде, жүк талапка ылайык сакталбагандыгы боюнча жүк ташуучунун жоопкерчилигин, баардык транспорт каражаттарынын түрлөрүнө (анын ичинде автомобилдик) белгилеген (713 б. 1п. КР ЖК).

Ал эми, юридикалык макалаларда белгиленгендей жүктү талапка ылайык сактабоо боюнча зыянга учуратуу үчүн жүк ташуучунун жоопкерчилигинин чектелиши, автомобилдик жүк ташып жеткирүү келишими боюнча жүк ташуучунун жоопкерчилигинин спецификалык өзгөчөлүгү болуп эсептелет.

Мындай кадам, мыйзам чыгаруучу тарабынан Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин жобосуна негизделген, ага ылайык, белгилүү бир иш аракеттер менен байланышкан милдеттенмелер боюнча жана милдеттенмелердин өз алдынча түрлөрү боюнча зыянды толук калыбына келтирүү укугу мыйзам тарабынан чектелген.

Мына ошентип, жүк ташуучунун жоопкерчилигинин чектелиши, жүк ташуучу тарабынан зыяндын калыбына келтирилбеши, жүк ээсине толук көлөмдө зыян алып келүүдө (КР ЖК 14 б). Эгерде ташуучу жүктүн жоголушу, кемип калышы же зыянга учурашы ал четтете албаган же четтетүү ага байланышпаган кырдаалдардан улам болгондугун далилдебесе, ташуучу жүктү ташууга кабыл алган учурдан тартып жүк алуучуга, ал ыйгарым укук берген жакка же багажды кабыл алууга ыйгарым укуктуу жакка бергенге чейин жүктүн же багаждын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат.

Жүктү же багажды ташууда келтирилген зыяндын ордун ташуучу төмөнкүдөй өлчөмдө толтурат: жүк же багаж жоголгон же кемип калган учурда - жоголгон же кемип калган жүктүн же багаждын өлчөмүндө; жүк же багаж зыянга учураганда - анын наркы төмөндөгөн сумманын өлчөмүндө, ал эми бузулган жүктү же багажды кайрадан калыбына келтирүү мүмкүн болбосо - анын наркынын өлчөмүндө; баалуулугу жарыялануу менен ташууга тапшырылган жүк же багаж жоголгон же кемип калган учурда - жүктүн же багаждын жарыяланган наркынын өлчөмүндө.

Жүктүн же багаждын наркы сатуучунун эсебинде көрсөтүлгөн же келишимде каралган анын баасына таянуу менен, ал эми эсеп жок болсо же келишимде баа көрсөтүлбөсө - салыштырмалуу кырдаалдарда демейде ушундай товарлар үчүн алынган баага таянуу менен аныкталат.

Эгерде жоголгон, кемиген, бузулган же зыянга учураган жүктү же багажды ташуу үчүн өндүрүлгөн ташуу акысы жүктүн наркына кирбесе, ташуучу ушул акыны жүктүн жоголушу, кемип калышы, бузулушу же зыянга учурашы менен байланышкан белгиленген зыяндын ордун толтуруу менен катар жүк жөнөтүүчүгө (алуучуга) кайра кайтарат.

Жүк же багаж сакталбай калышынын себептери жөнүндө ташуучу бир тараптуу тартипте түзгөн документтер (коммерциялык акт, жалпы формадагы акт жана башкалар) жүктү же багажды ташуучунун, жөнөтүүчүнүн же алуучунун жоопкерчилиги үчүн негиз боло турган кырдаалды күбөлөгөн башка документтер менен катар бааланууга тийиш (КР ЖК 713-б).

Автомобилдик транспортто жүк ташып жеткирүү келишими боюнча жоопкерчиликти чектөө жөнүндө маселенин актуалдуулугуна көңүл буруу керек. Мисалы, баардык эле окумуштуулар автомобилдик транспортто жүк ташып жеткирүү келишиминдеги милдеттенме боюнча зыяндын ордун толук эмес толтуруу укука жат

---

[5] Правовое регулирование международных перевозок./ О.Н.Садиков. –М.: Юридич. лит-ра. -1981. –С.174-175.

көрүнүш катары карашпайт. Маселен, О.Н. Садиков белгилегендей «Жүктүн сакталбай калышына жана аны жеткирүү мөөнөтүнүн узарышына болгон жоопкерчилик, жүк ташуучу келишимдеги милдеттеринин так аткарбагандыгына жооп берет т.а. жүктү дарегине жеткирүү жөнүндө көрсөтмөсүн аткарбоо жана жүк ташып жеткирүү боюнча документтерди жоготуу үчүн. Жүк ташуучуну жоопкерчилике криптер кылган, жүк ташып жеткирүү келишими боюнча жүк ташуучу кошумча милдеттенмелерди өзүнө кабыл алышы мүмкүн. Жогоруда белгиленген учурда Кыргыз Республикасынын жарандык кодексине ылайык, зыянды калыбына келтирүү формасында мүлктүк жоопкерчилик колдонулат, андан сырткары, КР Жарандык кодексинин 356-беренесине ылайык жүк ташуучу күнөөсүнүн түрүнө карабастан ишкер катары жоопкерчилике тартылышы керек».[6]

Юридикалык адабияттарда жүк ташып жеткирүү келишимин бузуу үчүн жоопкерчиликти колдонууга алып келген милдеттерди аткарбоо талаш маселелеринин бирине айланып келүүдө. Мисалы, В.Т. Смирнов менен Д. А. Медведев да өз изилдөөлөрүндө бул маселеге дагы пикирлерин билдирип келет. Алар, «жүк ташуу боюнча милдеттенмени бузуу үчүн жоопкерчиликтин өзгөчөлүгү болуп, жеке эле жүк ташуу келишимин түзүүдөгү укук бузуулар эмес жүк ташууну уюштуруу менен байланышкан иш аракеттер да эсептелет.[7]

Ал эми, бул багытта жүргүзгөн, өз илимий изилдөөсүндө В.В.Витрянский бул көз карашка каршы пикирин билдирет: «бул авторлор белгилегендей «жүк ташууну уюштуруу менен байланышкан иш аракеттерди жасабоо», негизинен, бузулган жагдайлар үчүн мыйзамда белгиленген жоопкерчилик, жүк ташып жеткирүү келишимин бузуу үчүн жоопкерчилик маселесине эч кандай тиешеси жок экенини белгилесек болот».[8]

Бирок мындай тыянака тез  макул болуу кыйын. Себеп катары тийиштүү жүктү ташып жеткирүү келишиминин мазмуну жактардын белгиленген мөөнөттө өз дарегине жеткирүү, жүктү өткөрүү учурунда анын сакталышын камсыз кылуу, андан сырткары жүктү ташып жеткирүү боюнча белгиленген акыны төлөө милдеттерин белгилөө менен түзүлөт.   Мындай келишимде көрсөтүлгөн милдеттенмелерди аткарбоо келишимдин шартын бузуу катары эсептелип, ченемдик укуктук актыларда белгиленген жоопкерчиликти колдонууга алып келет.

Ошондой эле, жүк ташуучунун жоопкерчилиги жеке эле келишимдин шартын бузуу учурунда гана келип чыкпастан, келишимге ылайык транспорт  каражатын өз убагында жүк жүктөөгө бербөө учурунан баштап келип чыгат деген оюн В.В.Залесский дагы адилеттүү белгилейт.[9] Анткени, жарандык мыйзамдарга ылайык, жүк ташуучу кабыл алынган арызда (заказда), ташуу келишиминде же ташууну уюштуруу жөнүндө келишимде белгиленген мөөнөттө тиешелүү жүктү ташуу үчүн жарактуу абалдагы оң транспорт каражатын жүк жүктөөгө берүүгө милдеттүү (КР ЖК 208-берене).

Ошондуктан, эн алгачкы милдеттенменин бузулушу бул жүк ташуучу кабыл алынган арыздын негизинде жүк ташуу келишиминде белгиленген мөөнөттө тиешелүү жүктү ташуу үчүн жарактуу абалдагы оң транспорт каражатын жүк жүктөөгө бербөө учурунан баштап жоопкерчиликтин келип чыгышы.

Жүк ташуучунун өз милдеттенмесин бузуунун экинчи формасы келип чыккан милдеттенмени аткарбаган же ойдогудай эмес аткарган учурда белгиленген жоопкерчиликтин келип чыгышы. Юридикалык көз караш менен атай турган болсок, мындай көрүнүштү  милдеттенмени ойдогудай эмес аткарган деген жыйынтыка келүүгө болот.

Ташуудан келип чыккан милдеттенмелер боюнча жоопкерчиликтин күнө принциби боюнча жалпы жарандык мүлктүк жоопкерчиликтен айырмачылыгы авто транспорт

---

[6] Гражданское право России. Обязательственное право/отв.ред. О.Н.Садиков. –М.: - 2004. –С.401.
[7] Гражданское право: Учебник. Ч.2/ Под ред. А.П.Сергеева, Ю.К.Толстого. –М.:   – С.397
[8] Витрянский В.В. Договор перевозки конкретного груза. –М.: -2001.-С39.
[9] Заллевский В.В. Гражданское право. – М.: - 2002. – С.703

каражаттарына жүктү жүктө боюнча арызды аткарбаган учурда гана жоопкерчилик келип чыкпастан, башка жагдайларга карата да белгиленет.

Ошондуктан, КР ЖК 710-беренесине ылайык ташуудан келип чыккан милдеттенмени аткарбаган же ойдогудай эмес аткарган учурда тараптар транспорт уставдарында жана кодекстеринде, ошондой эле тараптардын макулдашуусунда белгиленген жоопкерчиликти тартат.

КР ЖК 709-беренесинде ташуучу жүктү, жүргүнчүнү жана багажды бара турган жерине транспорт уставдарында жана кодекстеринде каралган тартипте аныкталган мөөнөттө, ал эми мындай мөөнөт жок болсо - акылга сыярлык мөөнөттө жеткирүүгө милдеттүү деген ченем каралганын белгилей кетүү керек. Бирок, Кыргыз Республикасынын жарандык кодексинде келишимде көрсөтүлгөн жүктү жеткирүү мөөнөтүн бузгандык үчүн жоопкерчилик көрсөтүлгөн эмес.

2001-жылдын 24-декабырында №805 номерлүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун негизинде күчүн жоготкон, Кыргыз ССРнин 1970-жылы 13-августунда Кыргыз ССР министрлер совети тарбынан бекитилген Кыргыз ССРнин автомобилдик транспорт уставынын 137-беренесине ылайык ташуучунун жүктү жеткирүү мөөнөтүн өткөрүп жибергендиги үчүн жоопкерчилик каралган. Бул уставка ылайык ташуучу жүктү кабыл алуучуга ар бир күн үчүн ташуу акысынан 12 пайыздык өлчөмдө айып төлөшкөн. Ал эми, жүктү жеткирүү мөөнөтүн өткөрүп жибергендиги үчүн жалпы айыптын суммасы 60 пайыздан ашпоого тийиш болгон.

Натыйжада, азыркы учурда Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларында жүктү жеткирүү мөөнөтүн өткөрүп жибергендиги үчүн жоопкерчилик каралган эмес, ошондуктан ташуучунун жоопкерчилигин белгилеген Кыргыз Республикасынын автомобилдик транспорт уставын тездетилген тартипте кабыл алуу сунушун натыйжалуу деп эсептейм.